ЭЗРА ЖЕК КИТС

# КАР ЖААГАНДА



*ЭЗРА ЖЕК КИТС*

# КАР ЖААГАНДА



**ЭЗРА ЖЕК КИТС**

# КАР ЖААГАНДА



УДК 821.51
ББК 83.8
К 45

Которгон Б. Абдиева

**Китс Эзра Жек**

К 45 Кар жааганда / Котор. Б. Абдиева. – Б.: «RenArt», 2015. - 32 б., ил.

ISBN 978-9967-27-668-0

Бул китепте Питер аттуу баланын кыш мезгилиндеги бир окуясы баяндалат. Кардын жаашы, ага ар кандай издердин түшкөнү, жылуу жерден кардын эрип, жок болуп кетиши балага таң калыштуу окуя катары сезилет. Китептин жасалгалары, тексттерге карата тартылган сүрөттөр бөбөктөрдүн фантазиясын өстүрүп, табияттын кызыктуу сырларын үйрөнүүгө көмөк көрсөтөт.

Мектеп жашына чейинки балдарга арналат.

К 4804040000-15

УДК 821.51
ББК 83.8

**ISBN 978-9967-27-668-0**

THE SNOWY DAY
Copyright © Ezra Jack Keats, 1962
All rights reserved including the right of reproduction in whole or in part in any form.
This edition published by arrangement with Viking Ghildren's Books, an imprint of Penguin Young Readers Group, a division of Penguin Random House LLC.

Кыргызча басылмасы © RenArt, 2015
Басылма Америка Кошмо Штаттарынын Элчилиги тарабынан каржыланган.

08.04.15-ж. басмага берилди. Форматы 52x72 1/8 Офсеттик басма. Нускасы 4000 даана. № 6754 заказ
«Аль Салам» басмаканасында басылды. 720044, Бишкек шаары, Симферополь туюк көчөсү, 85

*Тик, Жон жана Розалиге арналат*





Кыштын бир күнү эртең менен Питер ойгонуп, терезеден сыртты карады. Түндөсү кар жаап салыптыр. Көз жеткен жердин баары аппак кар.





Эртең мененки тамактан кийин ал кышкы комбинезонун кийип, эшикке чуркап чыкты. Жолду тазалап, карды күрөп, көчөнүн боюна өтө бийик кылып үйүп салышыптыр.



«Кырч, кырч, кырч» деген үн чыгарып, карды кечип кетип баратты. Ал өтүгүнүн тумшугун эки жакты каратып тайтактап басып көрдү.



Анан эки бутунун
башын ичкери каратып
минтип басып көрдү.



Бир аздан кийин бутун жа-а-ай сүйрөп, кар үстүнө мындай чыйыр салды.



Кетип баратып кардан сороюп чыгып турган бир нерсени таап алды да, аны сүйрөп, жаңы из түшүрдү.



Ал таяк болчу.



Дарактын бутактарын чапкылап, карды күүгөнгө абдан ылайыктуу таяк экен.

Кар ылдый лап этип түшүп кетти! Болгондо да Питердин дал төбөсүнө түштү.









Кар атышып ойногон чоң балдарга кошулуп ойносом кандай сонун болор эле деп ойлоду. Бирок азырынча жашы жете элек экенин сезди.



Ошондуктан ал жылмайып турган кар киши жасады.



Карга жатып алып, периштелердин сөлөкөтүн тартты.



Ал өзүн тоого чыгып бараткан альпинист сезип, бийик үйүлгөн кар дөбөгө чыкты.



Анан отурган бойдон ылдый
сыйгаланып түштү.



Ал адегенде кардан бир уучтап алды да, анан дагы, дагы кочуштап алып, карды эки алаканы менен катуу кысып тоголоктоду. Анан ал тоголок карды эртеңкиге деп чөнтөгүнө салып алып, жылуу үйүнө кирди.



Апасы анын суу болгон байпактарын чечип

жатканда ал бүгүнкү укмуштуу окуяларын айтып берди.

Көргөн-билгендерин
баштан аяк кайрадан эстеп,
бардыгын көз алдынан өткөрдү.







Жатаардын алдында чөнтөгүнө салган карды карап көрдү. Чөнтөгү бош калыптыр. Баягы тоголоктогон кар жок. Ал буга аябай капаланды.





Түшүндө күн кардын баарын
эритип салыптыр.



Бирок ойгоноору менен түшү жок болду. Сыртта кар дагы эле бардык жерди каптап жаткан экен. Үстүнө дагы жаңы кар жаап атыптыр!

Эртең мененки тамактан кийин коңшу жашаган досун чакырды да, анан экөө эшикке чыгып, калың-калың карды кечишти.





